**Жусуп Турусбеков атындагы №33 жалпы билим берүүчү орто мектебинин педагогикалык кеңешмесинин №4 токтому**

**08.01.2019-жыл** **Каба айылы:**

**Катышты: 21 мугалим**

**Катышпады: 1 мугалим себептүү.**

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Талаш тартыш жана этика комиссиясын түзүү.

Угулду: Күн тартибиндеги маселе боюнча мектеп директору А. Мурзакулов сөз сүйлөп төмөнкүлөргө токтолду.Урматтуу мугалимдер жамааты мектепте "Билим берүү жөнүндө Кыргыз Республикасы мыйзамына ылайык мугалимдердин өз милдеттерин так аткаруусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 15.12.2017-жылдагы №1548/1буйругунун негизинде жүрүм-турум стандартын жөнгө салуу боюнча этика Этика комиссиясы окуучулардын мектептеги коопсуздугун жакшы маанайын, окуучуларга карата тарбиялоонун зомбулук камтылган ыкмаларын колдонууга тыюу салынаарын көзөмөлдөп, мугалимдердин окуучуну коомдук тең укуктуу өкүлү катары билип, баланын укуктарын, эркиндиктерин сыйлоо жана мыйзамдууу кызыкчылыктарын бузбоосун жана окуучуларды адептүүлүккө, ата-энесин сыйлоого, этномаданий баалуулуктарга, курчап турган айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого тарбиялоосуна байкоо жүргүзүп жатат. Ошондой эле педагог деген жогорку наамды булгабоо жана эмгек тартибин милдеттүү түрдө сактоо менен коллективде моралдык-психикалык жактан жагымдуу маанай жаратуу. Өз милдетин аткарган учурда классикалык стилдеги кийимди кийүүсүн мугалимдерге эскертип турат. Жалпы мугалимдерге жамаатына адамдардын жашына, туткан динине, жарлыгына, улутуна, мүлкүнө карабастан алардын укуктарын, ар намысын сыйлоону жана өзүнүн аракетине байланышкан коомчулук тарабынан айтылган сын пикирлерди сабырдуулук менен кабыл алуу, туура айтылган сындардагы жетишпеген кемчилдиктерди жоюуну, жалпы моралдык нормалардф сактоо, сылык, кичи пейилдик менен мамиле жасоону түшүндүрүп турат.

Кесиптештеринин адистик квалификациясына байланышкан ар намыска шек келтирген маалыматтарды коомчулукка ачыкка чыгарууга жол бербөөсүн эскертет. Ар бир мугалимге КРнын мыйзамдарын ("КРнын билим берүү жөнүндөгү", конвенциясын", "Мугалимддердин статусу жөнүндө") билүүсүнө көмөктөшүп жардам берет.

Мына ушул жогорудагы сөздөрдү так жана туура аткарууга комиссия курамы болушу керек. Айтылган сөздөрду туура аткарууга комиссия курамы болушу керек. Айтылган сөздөрдү туура деп, мугалимдер жамааты төмөндөгү мугалимдерди комиссия курамына сунушташты.

Арзыбаева Жаркынай уюштуруучу, Нурманбетов Зарылбек соцпедагог, Алымкулов Болотбек завуч, Мамаев Сүйүн ата-энелер комитетинин төрагасы, Төрөгелдиев Ырысбек жергиликтүү кеңештин депутаты.

Жогорудагы маселени угуп жана талкуулап педагогикалык кеңешме токтом кылат:

1. Мектепте жүрүм-турум стандартын жөнгө салуу боюнча төмөнкүдөй талаш-тартыш жана этика комиссиясы түзүлсүн.
   - Комиссиянын төрагасы: Арзыбаева Ж.
   - Комиссиянын мүчөсү: Нурманбетов З.
   - Комиссиянын мүчөсү: Алымкулов Б.
   - Комиссиянын мүчөсү: Мамаев С.
   - Комиссиянын мүчөсү: Төрөгелдиев Ы.
2. Түзүлгөн комиссия курамы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 15.12.2017-жылдагы №1548\1 буйругунун негизинде иш алып барышсын.
3. Комиссиянын ишинин жүрүшүн көзөмөлдөө жагы мектеп директору А. Мурзакуловго милдеттендирилсин.

**Педкеңешменин төрагасы:** **Мурзакулов А.**

**Катчысы:** **Пусурова Г.**